# Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынын

**ПРОТОКОЛУ №1**

**Өтүлгөн күнү: 28.08.20**

**Күн тартиби:**

1. 2020-2021- окуу жылына жалпы орто билим берүү мектептеринде аралыктан окутуу убагында (дистанттык) берилген видеосабактардын темалары менен таанышуу.

2. Сунуштар, пикирлер

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова Мырзагүл Бакасовна усулдук бирикменин мүчөлөрүн жаңы окуу жылы менен куттуктоо менен ,быйылкы окуу жылында кандай өзгөрүүлөр боло тургандыгы менен тааныштырды. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги тарабынан, КББАнын Окумуштуулар Кеңешинин 2020- жылдын 30-июнундагы №5- чечими менен бекитилген 2020-2021-окуу жылына жалпы орто билим берүү мектептеринде аралыктан окутуу (дистанттык) окутуу убагында жаңы технологияларды пайдалануу менен видеосабактардын темалары менен тааныштырды. Видеосабактар окуу жылынын аягына чейин берилип , 1-11-класстарды камтыган. Окутуунун бардык этаптарында ( башталгыч класстарда, ортоңку, жогорку класстарда) телесабактардын тематикасы кептик темаларды эске алуу менен түзүлгөнүн белгиледи. Жаңы окуу жылына календарлык -тематикалык планды кайрадан карап чыгып, телесабактарды киргизүү керектигин айтып өттү. Ар бир мугалим окуу программасынын негизинде окуу китебин карап, видеосабактардын темаларын киргизүү менен календарлык-тематикалык планды түзүү менен, окуу программасы жыл ичинде толук аткарылышы керектигин белгиледи.

2. Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р.О 5-11- класстар үчүн адабият сабагынан видеосабактар берилбегендиктен, календарлык-тематикалык планды окуу программасына жана окуу китебине ылайык түзүүнү сунуштады

Чечими:
1. 2020-2021- окуу жылына бардык класстарда календарлык – тематикалык планды кайрадан карап чыгып, видеосабактардын темаларын кошуу менен түзүлсүн
2. Кыргыз адабияты сабактары боюнча календарлык-тематикалык план окуу программасынын негизинде окуу китебине карап түзүлсүн

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №2**

**Өтүлгөн күнү:** 03.09.2020

**Күн тартиби:**

1.2020-2021- окуу жылына календарлык -тематикалык планды бекитүү.

2. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү.

Катышкандар: 8

1.Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М. Б. Календарлык-тематикалык план окуу программасына ылайык түзүлүүсүн эскертти. Ошондой эле аралыктан окутуу убагында теле берүү сабактарынын пландарын да кошууну эскертти.УБинин жетекчиси Абакирова Р.О. ар бир мугалимдин иштеген класстары боюнча биринчи жарым жылдыкка түзүлгөн календарлык планды карап чыгуусу керек .

2 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн 31- жылдыгына карата төмөнкүдөй иш –чаралар өткөрүлөт:

Мамлекеттик тил күнүнө карата видеороликтерди даярдоо.
Жооптуу:Жолдошбекова М.Б Абакирова Р.О
“Китеп- билим булагы “ долбоорунун алкагында өткөрүлө турган райондук сынакка катышуу, окуучуларды даярдоо. Жооптуу:Жолдошбекова М.Б. Батырбекова А.А Кенжебаева М.И Тиленбаева Ж.Ж.
Райондук “Жаш адистер” сынагына катышуу. Жооптуу: Карабаева Г.Т Жаныбек кызы Эльмара

Чечими:

1.Ар бир мугалимдин календарлык планы 1 бекитилсин.

2. “Кыргыз Республикасыны Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынганынын 31 жылдыгына карата түзүлгөн иш чаралар өткөрүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ № 3**

**Өтүлгөн күнү:** 12.10.2020

**Күн тартиби:**

**1**.Жазуу иштеринин аткарылышы. Аралыктан окутуу мезгилинде жазуу иштеринин көлөмүн, аны аткаруу тартибин талкуулоо.

2. Мыкты окуган жана жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу.

3.Окуучулардын билимин чейрекке карата алдын-ала баалоо, кандай көйгөйлөр бар? Класс жетекчилер , ата-энелер менен болгон байланыш.

Катышкандар: 8

Жазуу иштери боюнча УБ нин жетекчиси Абакирова Р.О чейректе ар бир класста экиден жазуу иши өткөрүлө тургандыгы планда бекитилгенин айтып, планга ылайык жазуу иштери өткөрүлө тургандыгын айтты.. Журналга ар бир окуучуга баа коюлушу керек. Каталар үстүндө иштер жүргүзүлүп, окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн. Жазуу иштеринин көлөму класска карата , ал эми грамматикалык тапшырмалар темага карап түзүлсүн. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. мыкты окуган окуучулар менен кошумча иш алып баруу керектигин белгилеп, олимпиадага даярдоо керектигин айтты. Ал эми жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен байланышып. Класс жетекчилер менен бирдикте иш алып баруусу керектиги айтылды.

Чечими:

1. Жазуу иштеринин аткарылышы көзөмөлгө алынсын
2. Мыкты окуган окуучулар менен да, жетишпеген окуучулар менен да ар бир мугалим иш алып барсын

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ № 4**

**Өтүлгөн күнү:** 05.11.2020

**Күн тартиби:**

.1-чейректин жыйынтыгы. Окуу программасынын аткарылышы.

2. Окуучуларды кыргыз тили жана адабият сабагы боюнча олимпиадага даярдоо

3. "Манас" күнүнө карата иш -чаранын планын түзүү

4.Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата аткарылуучу иш чараны талкуулоо

Катышкандар:

1-чейректин жыйынтыгы боюнча ар бир мугалим жетишүү боюнча отчет тапшырды. Журналдардын барактары тапшырылып, чейректик баалардын объективдүү коюлганына көңүл бурулду. Жазуу иштеринин аткарылышы боюнча ар бир мугалим тарабынан өткөрүлгөн иштерге анализ жүргүзүлдү. Окуучулардын баалары өз убагында коюлганы айтылды. 2- чейрекке карата жазуу иштеринин сааты каралды. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б 5-11-класстар арасында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлө тургандыгын белгилеп, мыкты окуган окуучулар менен иш алып баруу керектигин айтты. Ошондой эле 2- чейректк өткөрүлө турган иш-чаралардын планы менен тааныштырды "Манас"- түгөнбөс, үзүлбөс, түбөлүктүү агым" деген темада бардык класста класстык саат өткөрүлөт. Үйрөнчүк манас сынагы 6-9 класстар арасында өткөрүлөт. Бардык класстарда 12- декабрь күнү "Менин Айтматовум" деген темада класcты саат өткөрүлөт,ал эми адабият сабагынан Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган кинотасмаларды көрсөтүү жүргүзүлөт.

6-класстар" Атадан калган туяк"

7- класстар "Эрте жазда келген турналар "

8-класстар "Бетме-Бет"

9-класстар"Фудзиямадагы кадыр түн"

10-класстар "Саманчынын жолу"

11-класс -Жамиля

Чечими:

2- чейрекке карата түзулгөн иш-пландар, жазуу иштери толук аткарылсын

Окуучуларды олимпиадага даярдоо иштери жүргүзүлсүн.

Сабакта жетишпеген жана мыкты окуган окуучулар менен жекече иштөө жүгүзүлсүн.

Класстан тышкаркы иш чаралар планга ылайык өткөрүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №5**

**Өтүлгөн күнү:** 14.12.2020

**Күн тартиби:**

1.Окуучулардын жазуу жана сөздүк дептерлерин текшерүү

2.Биринчи жарым жылдыкта окуу программасынын аткарылышы

3. "Манас" күнүнө карата ,улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралардын аткарылышы.

Катышкандар : 8

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б окуучулар азыр онлайн форматта окуп жаткандыгына байланыштуу , окуучулардын дептерлери , аткарган тапшырмалары өз убагында текшерилип, баалар айтылып турyусу керектигин эскертти. Биринчи жарым жылдыкта окуу программаы толук аткарылды.Аткарган иштери боюнча мугалимдер отчет беришип, кыргыз тили жана адабият барагы текшерилди. Мугалимдер жаңы технологияны өздөштүрүү менен сабактарды кызыктуу кылып өтүүгө аракет кылышты. План боюнча бекитилген "Манас" күнүнө карата ,улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралар өз убагында өткөрүлүп, ар бир УБ нин мүчөлөрү окуучулар менен тыгыз байланышта болушуп, алардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууга көңүл бөлүштү.

Чечими:

1. Окуучулардын жазуу иштерине, алардын грамматикалык эрежелерди туура сактоосуна көңүл бурулсун.
2. Жазуу иштери планга ылайык аткарылсын
3. "Манас" күнүнө карата ,улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата өткөрүлгөн иш чаралар слайддар жасалып мектептин сайтына жөнөтүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №6**

**Өтүлгөн күнү:** 05.01.2021

**Катышкандар: 8**

**Күн тартиби:**

1.2020-2021- окуу жылынын 1 жарым жылдыгындагы окуу- тарбия иштеринин анализи
2. Декаданын планын бекитүү
3. 2- жарым жылдыкка план

2020-2021- окуу жылынын 1 жарым жылдыгындагы окуу- тарбия иштеринин анализин мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. окуду. Бардык класстарда окуу программасы аткарылгандыгын белгиледи. Ошондой болсо да билим сапатын көтөрүү үчүн кырдаалга байланыштуу сабактардын ар түрдүү формаларын колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу керектигин белгиледи. Журналга ошондой эле электрондук журналга баалардын өз убагында коюлушун талап кылды.

2- жарым жылдыкта 1,5,9,11 – класстарда иштеген мугалимдер сабактын планын карап, 20 мүнөттүк сабакта жаңы теманы түшүндүрүүгө көңүл бөлүү керектиги, ошондой эле балдарды сурап баа коюда объективдүү болуусу керек.
УБ нин жетекчиси Абакирова Р.О ар бир мугалим 15.02- 25.02- февраль аралыгында ачык сабак өтө тургандыгын айтып, темаларын берүү керектигин айтты.

Чечими:

1. Чейректин жыйынтыгы боюнча отчеттор тапшырылсын.
2. Кырдаалга байланыштуу ар бир мугалим окуу прогрпммасына ылайык календардлык тематикалык планды кайрадан карап чыксын
3. Декада планга ылайык 15-25- февралда өткөрүлсүн

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №7**

**Өтүлгөн күнү:** 15.03.2021

**Катышкандар:7**

**Күн тартиби:**

1.3-чейректин чейректин жыйынтыгы

2.Чейрек ичинде өткөрүлгөн иш-чараларга анализ

3. Нооруз майрамын уюштуруу

1. УБнин жетекчиси Абакирова Р.О. ар бир мугалим өз убагында мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары М.Б.Жолдошбековага отчет тапшырып, 3-чейрекке карата журналдардын барактарын тапшыруу керектигин эскертти. Чейректик жат жазуулардын баалары коюлуп, чейректик баалар өз убагында коюлуп, окуу журналдары толтурулсун.

2. Чейрек ичинде "Ак калпак" күнүнө карата 9-класстар арасында конкурс өткөрүлдү. Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата стенд уюштурулуп, класстык сааттар өткөрүлдү. Мугалимдер Абакирова Р.О жана Батырбекова А.А Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата ачык сабак өтүштү. Онлайн форматында окуп жаткан 6-8, жана 10-класстын окуучулары үчүн онлайн форматта класстык сааттар өткөрүлүп, видеороликтер, слайддар даярдалды.

3. Нооруз майрамын өткөрүү, майрамдык кече уюштурууну жылдагыдай эле 5- класстын окучулары класс жетекчилер менен бирдикте даярдашат.

Чечими:

1. 3- чейректин жыйынтыгы боюнча отчеттор тапшырылсын.
2. Өткөрүлгөн иш-чаралар канааттандырарлык деп табылсын
3. Нооруз майрамын 5- класстын класс жетекчилери даярдашат

**ШМО** Кыргыз тили жана адабияты **усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №** 8

**ПРОТОКОЛ №**______

**Өтүлгөн күнү** 03.05.2021 **Дата проведения**

***Чогулушта каралуучу маселелер:***
***Повестка заседания:***

1. 9-11-класстарда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө

Катышкандар: __________________ Присутствуют

Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р.О 2020-2021-окуу жылында 9-11-класстарда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Билим жана билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген буйругу менен тааныштырды.
Буйрук №453/1 2021-жылдын 13-апрелинде чыгып, министрлик тарабынан бекитилген. Бул буйрук боюнча 2020/2021-окуу жылы 25-майда аяктайт.
Кыргыз Республикасынын бардык билим берүү уюмдарында билим берүү программасы боюнча 2020/21-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби жөнүндө Убактылуу жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

9-класста өткөн мугалимдер
Батырбекова А.В. Карабаева Г.К.,
11-класста өткөн мугалимдер:
Абакирова Р.О, Карабаева Г.К.
Жазуу иштерин программанын талабына ылайык өткөрүп ар бир класстын ишин чогултуу менен баалар коюлду.
Тесттик тапшырмалар тест менен иштөөдөгү, жазуу иштеринин анализдери тапшырып берилсин.
Бул өткөрүлгөн жазуу иштеринин баалары журналга коюлуп, окуучулук жетишкендүүлүгү мамлекеттик стандартынан баалары чыгарылсын.

**Чечими/Решение:**

1. 9-11-класстардагы жазуу иштери өткөрүлсүн.
2. Жазуу иштеринин баалары журналга коюлуп, окуучулук жетишкендүүлүгү мамлекеттик стандартынан баалары чыгарылсын.